*УДК: 371.036. 745.5*
*DOI: 10.35254/bhu.2019.47.14*

***Ирсалиева Н. А.***
*И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ага окутуучусу*

# СТУДЕНТТЕРГЕ КОЛДОНМО - ЖАСАЛГА ӨНӨРҮ АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН МААНИСИ

# ЗНАЧЕНИЕ ДЕКОРАТИВНО-ПРИКЛАДНОГО ИСКУССТВА ПРИ ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ СТУДЕНТОВ

# THE VALUE OF ART AND CRAFTS IN TNE AESTHETIC EDUCATION OF STUDENTS

***Аннотация:*** *Макалада студенттердин эстетикалык маданияттын калыптандыруу, кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү, маселелерин көрсөтүү менен жаңы билимдерди пайдалануу, кесиптик баалуулуктарды үзгүлтүксүз өстүрүп – өнүгүүнүн негизги жолдору, бүгүнкү күндүн талабына жооп бере турган билимдери каралды. Ошодой эле элдердик чеберлердин эмгектерин таанып, өздөштүрүп, коодукту жаратууда, эмгек тарбиясын улантууда өнөр чыгармаларынын мааниси өтө чоң экендиги көрсөтүлгөн.*

*Колдонмо – жасалга өнөрү аркылуу, адам баласы кандайдыр бир, тиги же бул нерсени ойлонуп жасоодо, кайсыл бир деңгээлде жаратылыштын табигый кубулуштарынан үлгү алгандыгын байкоого болот. Анткени табияттын кубулуштарын үлгү катары пайдалануу менен адам баласы табыхый сулуулукка умтулуу жөнүндө ой толгоолор болду.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Жасалга колдонмо өнөр, эстетикалык тарбия, кесиптик билим берүү, элдик чеберлер, эмгекке окутуу, жаңы идеяларды ойлоп табуу.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы формирования эстетической культуры студентов на основе качественного профессионального образования, которые можно сформироваться при помощи новых знаний, профессиональных навыков, отвечающих требованиям сегодняшнего дня. А также нужно научить студентов необходимым знаниям декоративно-прикладного искусства, творчеству мастеров, видеть и создать красоту, творческому мышлению, и труду.*

*При помошю декоративно-прикладного искусства человек, создавая различные предметы, опирается на формы, созданные природой, в какой-то мере или степени подражает ей. Поскольку подрожая природе, человек творит по закону красоты, он стремится и старается делать вещи красивыми и привлекательными, несущими в себе эстетические качества, наряду с полезностью и удобством этих вещей.*

***Ключевые слова:*** *декоративно-прикладное искусство, эстетическое воспитание, профессиональное обучение, народные мастерство, трудовое обучение.*

***Annotation:*** *The article deals with the formation of aesthetic culture of students on the basis of high-guality vocational education that can be given with the help of new knowledge of professional skills that meet the reguirements of todae. And also the knowledge of the decorative and applied art of the creative work of masters is neceftsmanship and work.*

*People creating different objects based on froms created nature, and to some extent or degree emulates it. Because of the nature of men does to mimicking the Act.. He seeks and tries to do things nice and appealing aesthetic gualities in themselves carriers along with utility, ease of these things.*

***Keywords:*** *arts and crafts, aesthetic ebucation, vocational training, folk craftsmanship, labor training, create new ideas.*

Азыркы коомдун өзгөрүшүнө жараша жаштарды элдик маданияты, өнөр – казынасынын баалуулуктары менен тааныштыруу, руханий жактан калыптандырууда билим берүүнү жаңыча уюштуруу талабынын коюлушу бүгүнкү күндүн зарыл маселелеринин бири.

Улуттук маданият, көөнөрбөс өнөр аркылуу жаштарга ар тараптан эстетикалык тарбия берүүнүн бир бөлүгү катары:

- эстетикалык маданиятты калыптандыруу;
- сулуулукка, тазалыкка үйрөтүү;
- маданияттуулукка тарбиялоо;
- адамзат коомундагы маанилүү мурастарды үйрөнүү;

жалпы элдик руханий ийгиликтерди баалай билүүгө тарбиялоо багытына өзгөчө көңүл бөлүнгөн [6].

Жаш муундарды ар тараптан өнүккөн инсан кылып тарбиялаш үчүн эң алды менен келечектеги мугалимдерди же бүгүнкү күндөгү студенттерди ар тараптан калыптандыруу керек. Ал эми инсандын ар тараптан өнүгүүсүн эстетикалык маданиятсыз элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан келечек кесип ээлеринин иш - аракетинин коомдун талабына жараша өзгөрүүсү, алардын кесибине шайкеш сапаттарды калыптандыруу инсандын жалпы өнүгүү маселесинин маанисин артырат.

Адамзаттын маданиятын калыптандыруунун негизи эстетикалык тарбия берүүдөн башталат. Адептүүлүк тарбиясы адам баласына керектүү оң сапаттарды калыптандырууга багытталса, эмгек тарбиясы ошол адамдын жашоо тричилигин камсыз кылуучу иш - аракеттерге багытталат. Ал эми эстетикалык тарбия адамды тарбиялоодогу иш - аракеттердин сулуулугун, кооздугун, тазалыгын даңазалайт. Ошол себептен биз, студенттердин, келечектеги мугалимдердин эстетикалык маданиятын калыптандырууну менен кесиптик билим беребиз. Кесиптик билим берүүнүн сапатын көтөрүү студенттердин эстетикалык маданияттын калыптандыруу маанилүү маселелеринен болуп саналат.

«Кол өнөрчүлүк – өткөн өмүрдүн көлөкөсү эмес, өнүгүүнүн улуттук мурасы. Чоң өзөн суусунун башаты болгон булактай элдик кол өнөрчүлүк да эч убакта соолубайт» - деп айткан Н. П. Сакулина [4].

Студенттерге эстетикалык баалуулуктардын турмуштагы маанисин түшүнүү, анын керектигин сезүү, маданий баалуулукту көбөйтүү, буюмдарды жасоого кызыгуу менен эстетикалык тарбия беребиз. Кесиптик билимге ээ болгон студент - теориялык билимин практикада колдоно билген, чыгармачылык жактан өздөштүргөн, эстетикалык чыгармачылык жөндөмүн калыптандырып, жаңы идеяларды чыгармачылык менен ойлоп таап, келечекте жогорку билимдүү мугалим боло ала турган инсанды айтабыз.

Адам баласы жер бетинде өзүнүн жашоо тиричилигин баштаган алгачкы күндөрүнөн баштап эле укумдан тукумга үзгүлтүксүз берип келген баа жеткис мурастарынын бири бул таалим – тарбия байлыгы. Коомдук турмушта мезгил агымына карата тынымсыз болуп туруучу өзгөрүүлөрдүн бардык талаптарына ылайык тарбия - таалим берүүнүн нечен жолдору иштелип, жалпы коомчулуктун жан дүйнө байлыгына айланып келет [7].

Ал эми биз карап жаткан эстетикалык тарбия берүү адамзат тарыхынын алгачкы мезгилинен баштап эле анын жашоо тиричилигинде руханий талаптарынын орчундуу бөлүгүнүн бири катары барган сайын өөрчүп өнүгүп, бүгүнкү заманга жетти десек жаңылышпайбыз. Ар бир элдин тарбия берүү системасында өзүнчө бир айырмаланып турган өзгөчөлүктөрдү байкасак болот.

Колдонмо - жасалгалоо кол өнөрчүлүгү – элдик маданияттын күзгүсү болуп, жашоо тиричиликти көркөмдөөнүн ачык көрүшүшү. Алар жалпысынан оймочулук, өрмөкчүлүк, саймачылык, чий чырмоо, зергерчилик, токуучулук ж.б.у.с. болуп бөлүнөт. Кыргыз элинин бай казынасынын мазмунун - ушул багыттагы көркөмдөп кооздолуп жасалган иштер толуктайт. Кыргыз өнөрүн алып жүрүүчүлөр уздар, усталар, элдик чеберлер, зергерлер, ишмерлер деп аталат [1].

Элдик чеберлер – чыгармачылыгы мол, жоктон бар кылган, үзүлгөндү улаган өнөр адамдарын айтабыз. Өнөр адамдары ишти жасоодо өнөрдүн даана табиятына таандык көркөмдүүлүктү өзүнүн табитиндей берүүгө умтулат. Элдик чеберлер – кооз үлгүлөрдү жаратышып, аны колдон – колгон өткөрүп беришкен [2].

Ушул кесиптерди өнүгүүсүнө шарт түзө турган жаңы билим түшүнүгүнө басым жасап карап көрсөк.

Адам баласынын бүгүнкү күндөгү же өмүр бою жүрө турган кесиптик баскычтын улам бир жаңы баскычына, көтөрүүнү камсыз кылуу менен коштолуп турушу керек. Мунун өзү бүгүнкү күндө инсандын кесиптик жактан жогорку деңгээлине шарт түзүү жаңы базалык билим түшүнүгү жөнүндө кабар берет. Бул пикирге таяна турган болсок, адамдык кесиптик бийиктиктерине жетүүсүн камсыз кылууну же өмүр бою же үзгүлтүксүз билимге байланыштуу баардык адамдарга тийешелүү жаңы базалык билим, билгичтиктердин милдети каралат.

Мындай жаңы базалык билим жана билгичтиктерге атайын предметке байланыштуу информациялык технологиялар менен иштей билүү, чет тилдерди үйрөнүү, технологиялык маданият, жана башка ушул сыяктуу жөндөмдүүлүктөрдү калыптандырат. Аталган жаңы базалык билгичтиктер бардык адамдар үчүн маанилүү. Керектүү маалыматтарды издеп таба билүү, ар кандай жаңы билимдерди талдай жана тандай билүү жана аларды колдоно билүү сыяктуу билгичтиктерди камтыйт.

Базалык жаңы билимдерди пайдалануу бүгүнкү күндө кесиптик жактан үзгүлтүксүз өсүп – өнүгүүнүн негизги шарты болуп эсептелинет. Ошол эле мезгилде базалык жаңы билимдердин жанында кесиптик жактан бүгүнкү күндүн талабына жооп бере турган билим, билгичтиктердин компонентин аныктоо маселеси келип чыгат.

Адамдын кесиптик бийиктиктерге жетүүсү эч качан бир заматта же күтүүсүз жерден пайда болот. Андай жетилүү үчүн тек гана адамдын табигый мүнкүнчүлүктөрүнө көз каранды болбостон, анын жашоо – тиричилигин маңызын кандай баалуулуктар түзүп тургандыгына, кандай билим билчичтиктерге, кандай жөндөмдүүлүктөр мүнөздөп тургандыгы менен айырмаланат. Андыктан талыкпаган эмгектин, үзгүлтүксүз билимдин натыйжасында келе турган өсүп - өнүгүү баскычтарында кандай кыйынчылыктарды жеңгендиги, анын ийгиликтерине ким жардамчы болгондуктарына, жетишкендиктеринин механизимин изилдөө болуп эсептелет.

Элдин өнөргө жана анын кооздугуна болгон мындай кызыгуулары улуттук мүнөздү камтыган ар кандай көркөм формадагы, жасалга колдонмо өнөрдүн мазмунуна жараша буюмдарды жаратууга түрткү болгон. Элдик чеберлер элдин эстетикалык талабына, турмуш тиричилигинин шартына ылайыкташтырып, коомдук өнүгүштүн агымы менен айкалыштырылып, буюмдардын улам жаңы формалары, жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу менен байытып өркүндөтүп турушкан.

Жасалга колдонмо өнөр элдин турмуш тиричилигин канаттандырып, адамдын күндөлүк турмушунда гана керек болбостон, элдин тарыхый тагдырын, социалдык – экономикалык абалын, үрп – адат каада салтын, маданиятын окуп үйрөнүүдөгү баа жеткис каражат [3].

Элдик өнөрдүн буюмдарынын баалулугун эки критериядагы принциптин негизинде карап керек:

- элдин терең катмарына сиңип, таланттууларына алынып эл чыгармасында кеңири өнүктүрүлүп жактан буюмдардын көркөмдүк жана сапаттык деңгээлинин чеги.

- элдик чакан ишканалардын, чыгармачыл бирикмелердин көркөмдүк жана сапаттык деңгээлинин чеги.

Жасалга колдонмо өнөрдү өркүндөтүү, окутуу менен студенттердин эмгекке болгон кызыгуусун арттырып, өз күчү менен натыйжага жетишүүгө, өз ишине канаттанууга, ишенимдүү түрдө ийгиликтерге жетишерине көмөкчү боло алат. Ошондой эле чыгармачылык жактан өнүктүрүп, алардын ойлоосун өстүрүп, изилдөөчүлүк сапатын жаратат жана өркүндөтөт.

Элдик жасалгалар буюмдарынын сапаты жана эстетикалык нарктуулугу – форманы көркөм иштеп чыгуудагы оюум чиймелери, мотивдери, сюжеттик жана символикалык сүрөттөөлөрү менен жасалгалоодогу оргиналдуулугунда. Колдонмо жасалга өнөрүндөгү орнаменттерди түзүүнүн булагы болуп жергиликтүү жаратылыш байлыгы эсептелинен. Алсак элдик чеберлер, элдин эстетикалык талабына, турмуш тиричилигинин шартына ылайыкташтырып, коомдун өнүгүү агымы менен айкалыштырылып, буюмдардын улам жаңы формаларын, жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу менен өркүндөп келүүдө [5].

Бала канчалык жаш кезинен өнөр дүйнөөсүнө аралашса, анын айлана чөйрөгү, коомго болгон мамилеси өзгөрүп, ойлоп табуусу, сезимталдыгы байып, кабылдоо сыяктуу адамдын эстетикалык интелектуалдуулугу жогорулайт.

***Адабияттар***


1. *Акматалиев А. Жасалга өнөр чеберлери. – Ф.: Кыргызстан, 1982.*
2. *Антипина К. И., Иванов С.В. Народное декоративно-прикладное искусство киргизов. – М.: Наука, 1968*
3. *История кыргызского искусства / Под. ред. Салиева А.А. – Ф., Илим, 1971.*
4. *Сакулина Н. П. Национальное искусство и детское творчество. – М., 1965.*
5. *Үмөтов Ж. Кыял дүйнөсүндө. – Ф.: Кыргызстан, 1982.*
6. *Эстетическое воспитание в ВУЗе. / Отв. Ред. Г. П. Выжлецев. – Л., 1990.*
7. *Эрганова Н. Е. Методика профессионального обучения. – М., 2013.*